**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жорокулов Максатбектин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2018-жылдын 20 - сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.И. Саалаев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда Жорокулов Максатбектин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2018-жылдын 15-августунда М. Жорокуловдун «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацын жана 17-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялык эмес деп табуу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда, М. Жорокулов «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талашылып жаткан ченемдери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана 52-беренесинин 4-бөлүгүнүн ченемдерине каршы келет деп эсептейт.

Арыз берүүчүнүн пикиринде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 5-, 8-бөлүктөрүнө ылайык, курагы 40 жаштан кем эмес жана 70 жаштан жогору эмес, юридикалык жогорку билими жана юридикалык кесиби боюнча кеминде 10 жыл иш стажысы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку соттун судьясы жана курагы 30 жаштан кем эмес жана 65 жаштан жогору эмес, юридикалык жогорку билими жана юридикалык кесиби боюнча кеминде 5 жылдан кем эмес иш стажысы бар Кыргыз Республикасынын жараны жергиликтүү соттун судьясы боло алат.

Ошол эле учурда, кайрылуучу тарап Конституциянын жогоруда аталган талаптарына жооп берген жарандар талашылып жаткан ченемдердин талабына ылайык Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат ордуна талапкер болуу үчүн үч этаптуу сынактан өтүп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинде 9 ай окуусу керек экендигин белгилейт.

Арыз берүүчү талашылып жаткан ченемдер материалдык жактан камсыздалган жарандарга ылайыкталып, ал эми материалдык абалы начар болгон жарандарга тоскоолдук жараткан дискринимациялык ченемдер деп эсептейт жана ошону менен бирге Сот адилеттигинин жогорку мектебинде окууга кете турган чыгымдардын болжолдуу суммасын көргөзгөн.

Мындан тышкары, М. Жорокуловдун пикиринде «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы жана 17-беренесинин 2-бөлүгү судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу сынагына талапкерлерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды түзбөгөндүгүн белгилейт.

Арыз берүүчү талашылып жаткан ченемдер Бишкек шаарынын судья болууну каалаган тургундарына ыңгайлашып, ал эми Кыргыз Республикасынын башка аймактарынын жарандарынын жашаган абалына карата дискриминациялоого багытталган деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, арыз берүүчү «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык

Мыйзамынын 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацын жана 17-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялык эмес деп табууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.И. Саалаевдин маалыматын угуп, келтирилген өтүнүч жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын 20-, 21-, 24-, 25-, 26-беренелеринде көрсөтүлгөн талаптарга жооп берет деп жыйынтыкка келди.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жорокулов Максатбектин өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.
2. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.И. Саалаев

К.М. Киргизбаев

Э.Ж. Осконбаев

№ 10-нп